Бекитемин
Азис Абдыкеримов атындагы
орто мектебинин директору
_____________Насирова.Э.А
«___»____________2022-жыл

## Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин ата-энелер комитетинин жобосу

### I. Жалпы жоболор.

1. Ата-энелер комитети жөнүндө жобо ата-энелердин жалпы мектептик чогулушунда кабыл алынып, бекитилет да, мектептин директорунун буйругу менен шике киргизилет.

1.2. Ата-энелер комитети үч жылдык мөөнөткө ата-энелердин чогулушунда шайланып, аны төрага же төрайым башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер комитетинин чогулушунда тактама (отчет) берип турат. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү - 3жылдан беш жылга чейин (же ата-энелер чогулушунун токтому менен алмаштырылып турат).

1.3. Анын иш аракеттерин ыңгайлаштыруу үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.

1.4. Комитеттин иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндөгү» Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү» типтүү жобого, «Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы» жана ушул Жобого ылайык ишке ашырылат.

1.6. Комитеттин чечимдери мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.

### II. Жалпы мектептик ата-энелер комитетинин милдеттери жана функциялары.

3.1. Окуу-тарбиялык процессти уюштуруу үчүн (окуу китептерин, көрсөтмө усулдук куралдарды сатып алууга, аларды даярдоого, окутуу жабдуулары менен камсыз кылууга ж.б.) оптималдуу шарттарды камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

3.2. Класстык ата-энелер комитеттердин иш-аракеттерин координациялайт.

3.3. Окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) арасында окуучулардын ата-энелеринин жана окуучулардын укуктары менен милдеттери жөнүндо түшүндүрүү иштерди өткөрөт.

3.4. Жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүүгө көмөктөшөт

3.5. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен бирдикте балдардын билим алууга болгон аракетин уюштурууну, окуучулардын тамактануусунун жана медициналык жактан тейленүүсүнүн сапатын уюштурууну көзөмөлдөйт.

3.6. Ата-энелердин жалпы мектептик чогулуш-жыйналыштарын өткөрүүдө жалпы билим берүү уюмунун жетекчилигине жардамдашат.

### III. Ата-энелер комитетгеринин укуктары.

Ушул Жобо тарабынан белгиленген билгиликтерге ылайык ата-энелер комитети:

4.1. Жалпы билим берүүчү уюмдун жетекчисине жана башка да жалпы билим берүүнүн өзүн-өзү башкаруу органдары менен анын жетекчисине тийиштүү сунуштарды киргизип, аларды кароонун жыйынтыктары жөнүндө алардан талап кылууга;

4.2. Балдардын укугун коргоо маселелери боюнча билим берүү органдарына, билим берүү уюмдарына жана башкаларга түшүнүк алуу боюнча кайрылууга;

4.3. Окуучулардын билим алуусун жеңилдетүү жана анын сапатын жакшыртууну камсыз кылуу маселелери боюнча жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинен маалымат алып, анын ишин угууга, мектептик материалдык-техникалык жактан камсыз болуп, аны бекемдөө боюнча мектептин жетекчисин угуп, андан маалымат алууга;

4.2. Класстык ата-энелер комитеттеринин көрсөтүүлөрү (чечимдери) боюнча окуп жаткан окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) өзүнүн отурумдарына чакырууга;

4.3. Комитетте жигердүү иштеп, жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүүдө көмөк көрсөткөн окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрдө) сыйлоого;

4.4. Өзүнүн функцияларын аткаруу үчүн комитеттин мүчөлөрүнүн жетекчилиги астында туруктуу же убактылуу комиссияларды уюштурууга;

4.5. Комитеттин билгилигине тийиштүү маселелер боюнча педагогикалык кеңештин же башка өзүн-өзү башкаруу органдардын айрым отурумдарына комитеттин төрагасы катышууга;

4.11.Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) ортосунда балдарды үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиялоо окуучулардын кызыкчылыгын коргоо сыяктуу бирин-бири өз ара түщүнүү сыяктуу маселесин жөнгө салуу;

## IV. Ишти уюштуруу.

4. 1.Комитеттин курамына окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) өкүлдөрү кирет (

5. Комитеттинн өкүлдөрү окуу жылынын башталышында (15-сентябрга чейин) жыл сайын ата-энелердин класстык чогулушунда шайланышат.

5. 2.Комитеттин сандык курамы ата-энелердин чогулушунда аныкталат.

5.3. Комитет мектептин директору менең макулдашылган план жана тартип боюнча иштейт.

5.4. Өзүнүн иши жөнүндө комитет бир жылда 2ден кем эмес ата-энелердин жалпы чогулушунда тактама (отчёт)берет. Чогулушта чечим жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

5.5. Комитет өзүнүн чечимин отурумда анын мүчөлөрүнүн жарымы катышканда гана кабыл алат.

## V. Иш кагаздарын жүргүзүү

**6.1.** Комитет өзүнүн өткөргөн отурумдары менен жалпы мектептик ата-энелер чогулуштарынын протоколдорун, токтомдорун жүргүзөт.

**6.2.** Ата-энелер комитетинин иш планы, тактама-отчёттору менен протоколдору жалпы билим берүү мекемесинин кеңсесинде сакталат.

**6.3.** Комитеттеги иш кагаздарын алпаруу жоопкерчилиги комитеттин төрагасына же катчыга жүктөлөт.